**«Бекитемин»**
**Ош мамлекеттик**
**юридикалык институтунун**
**ректору, к.ю.н., профессор**
**Токторов Э.С.**___________
**«__17__»_____12_____2021 -ж.**

**ОшМЮИнин «Конституциялык укук жана муниципалдык укук» кафедрасынын кеңейтилген отурумунун**
**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

Ош шаары «16» 12 2021 ж.

**Катышкандар:** Арстанбеков М.С., ю.и.к, доцент (12.00.08), Кокоева А., ю.и.д, доцент (12.00.08), Матисакова З.У., ю.и.к, доцент (12.00.01), Атамкулова Е.Т., ю.и.к, доцент (12.00.01), Айтмаматова У.А., ю.и.к, (12.00.06), Кармышаков М.А., ю.и.к, (12.00.03), Нарматов Х.Б., ю.и.к, (12.00.02), Мазитов Р.Я., ю.и.к, (12.00.01), Колсариева Н.Ш., ю.и.к, доцент (12.00.01), Туратбекова А.Т., ю.и.к, (12.00.01), Акпарова А.Т., доцент **Ага окутуучулар** – Жусупбаев К., Махмудов А.Н., Абдипаттаев Т., Ибраимов Б.З., Жолчиев С.Т., Жаасынбек кызы А. **Окутуучулар** – Саймидинов С.

**Чакырылгандар:** Арабаев А.А., ю.и.д., профессор (12.00.02), Кулдышева Г.К., ю.и.д., профессор (12.00.01; 12.00.02), Мурзаибраимов Н.Б., ю.и.д., (12.00.14), Мамазакиров Р.У., ю.и.к, доцент (12.00.01),

**Отурумдун төрайымы:** «Конституциялык укук жана муниципалдык укук» кафедрасынын башчысы, ю.и.к, доцент Бакирова Ш.М.
**Отурумдун катчысы:** -Кадырова С.

**Күн тартиби:**

Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын 12.00.02.- контитуциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» деген темадагы юридика илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо. Илимий жетекчиси юридика илимдеринин доктору, профессор Арабаев Автандил Анисович.

**УГУЛДУ:**

**Бакирова Ш.М.**, юридика илимдеринин кандидаты, доцент: - Урматтуу кесиптештер! Кафедранын кеңейтилген отурумунун күн тартибинде бир гана маселе: Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» темадагы кандидатгык диссертациянын кол жазмасын талкулоо.

Илимий жетскчиси: юридика илимдеринин доктору, профессор Арабаев Автандил Анисович.

Кафедранын кеңейтилген отурумун өткөрүүгө кворум бар. Талкууну өткөрүү боюнча кандай суроолор жана сунуштар бар? Сунуштар жана суроолор жок.

Эгерде каршы болбосонуздар, анда сөздү изденүүчү Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнага берсек.

**Оморова Г.С.** Урматгуу төрайым, урматгуу чакырылган коноктор жана кесиптештер! Сиздерге менин «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» темадагы диссергациялык ишибиз менен таанышып, аны талкулоого чогулуп бергендиңиздер үчүн чоң ыраазычылык билдирем.

Бүгүнкү күндө нотариустун укуктук макамы нотариалдык ишмердигин ишке ашыруу жана уюштурууда коомдук мамилелердин жонгө салынышы иштеп жаткан мыйзамдын талаптарына туура келгени илимий чөйрөдө талкууга ээ экендиги талашсыз. Ошондой эле анын нотариалдык ишмердигинде кеңири колдонулушу ишмердик жана жарандык оборотунда жарандардын укуктарын коргоого жакшы өбөлгө түзөт. Ал эми теориялык негизде аны талкулоодо нотариалдык ишмердигинде нотариустун укуктук макамын туура талдоо койгөйлөрүн айтсак болот. Бул көйгөйлөр мыйзамда так каралбагандыгы менен да белгилесек болот, себеби мыйзамдагы иш аракеттер толугу менен белгиленген тартипте жүргүзүлбөсө же жетишсиз болсо нотариат институттунун өнүгүүсү начарлайт.

Башкача айтканда, жарандык-укуктук мамилесинин субъектиси саналган жарандардын укуктарын коргоону камсыздоо боюнча баардык коомдук мамилелерде нотариаттын катышуусу нотариат ишмердигинин чөйрөсүндөгү негиздүү жөнгө салуу менен эсептелинет.

Мындай иш аракетти жөнгө салуу нотариатты өнүктүрүүдө уюштуручулук, каржы жана укуктук институттарын түзүү боюнча мамлекеттин механизмдеринин жардамы менен болушу мүмкүн.

Биздин мамлекетибиздин укуктук тутумунда нотариат институтунун өз орду бар, биринчи кезекте жарандардын жана юридикалык жактардын укуктук кызыкчылыктарын коргоо багытында аларга юридикалык жардам көрсөтүү жана укуктук мамилесиндеги катышуучулардын ортосунда талаш – тартыштарды жоюу, болтурбоо саналат. Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын 61 беренесинде биздин өлкөдө ар бир адамга квалификациялык юридикалык жардам алуу укугу кепилдендирилет. Нотариат укуктук тутумда албетте көптөгөн жарандардын категорияларына жана юридикалык жактарга укуктук жардам көрсөтүү негизги милдети болуп эсептелет.

Илимий чөйрөдө азыркы мезгилде да нотариат ишмердигин талашсыз сот адилеттиги деп таануу ар түрдүү пикирлер болууда. Мындай нотарилдык ишмердигинин түшүндүрүлүшү биздин эле өлкө эмес башка коңшулаш мамлекеттерге да мүнөздүү.

Укуктук коргоону камсыз кылган нотариус, күтүлүп жаткан пикир-келишпестикти жана талаш-тартыштарды алдың-ала болтурбоо негизинен аны сот адилеттигинин жардамчысы десек болот.

Нотариат жарандардын укуктарын жана мыйзам менен корголгон кызыкчыларын соттук эмес коргоонун формасы катары Европа парламентинин Резолюциясына ылайык талашсыз сот адилеттүүлүгү институту болуп эсептелинет. Эл аралык соттор бирикмесинин Конгресстин документтерине ылайык биринчилерден болуп нотариаттын милдети юридикалык актыларды күбөлөндүрүү, тараптарга укуктук натыйжаларды толук-кандуу маалымдоо жана жарандык-укуктук талаш-тартыштарды болтурбоо.

Бүгүнкү күндөгү нотариат жогорудагы аталган критерийлерге туура келбей, ишмедиги укуктук жактан толук каралбай, субъективдик укуктарды эффективдүү жана толук коргоону жүзөгө ашыруу үчүн ылайыктуу ыйгарым укутарынын жетишсиздиги байкалат. Бул маселелер укук коргоо ишмердигин жүзөгө ашыруучу институт катары укукту коргоону камсыз калган органдардын тутумундагы нотариатттын орду жана ролу биздин көңүлүбүздү бурат.

Бир гана нотариус, соттук, материалдык, уюштурууучулук кепилдиктери менен камсыздалган ага берилген мыйзамдуу укуктардын негизинде жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча жалпы ишмердигин туура нукта жүзөгө ашыруу, өз милдетин аткарууда жоопкерчилик алуу, толук нотариалдык коргоону жогору балоодо жакшы коомдук пикирди түзө алат.

**Теманы изилдөөсүнүн илимий иштелии чыккан даражасы** жарандык укук, жарандык процесстик укук, конституциялык укук жана башка илим чөйрөсүндөгү адистердин жана юристердин эмгектеринде каралган. Бул изилденүүчү тема бүгүнкү күнгө чейин жалпы теориялык планда изилдөөнүн предмети болгон эмес, ошондой эле нотариустун укуктук макамын анализдөөнүн негизинде нотариустун милдеттерин жана

жоопкерчиликтерин, укуктарын жүзөгө ашырууда укуктук жөнгө салуунун өгөчөлүктөрү табылган, бул изилдөө бинирчи жолу болууда.

Диссертациялык изилдөөнүн **теориялык негизин** М.И. Брагинский, Ю.Н. Власов, А.М. Фемелиди, М.А. Долгов, А.А. Арабаев, Б.Ж. Качыкеева, А.К. Ахашева, И.Г. Медведев, Е.Г. Комиссарова, Р.И. Вергасова, А.И. Мякутин, И.Г. Черемных, Г.Г. К.С. Юдельсон, В.В. Ярков аттуу жана башка практиктердин жана окумуштулардын илимий эмгектери түздү.

Акыркы жылдардагы нотариаттагы конституциялык-укуктук, тарыхый, теориялык жана жарандык-укуктук изилдөөлөр бул тема боюнча толугу менен каралбай жана бул маселе боюнча биздин өлкөбүздө үстүрктөн изилденип нотариустун укуктун макамына көнүл бурулган эмес.

**Изилдөөнүн объектиси** нотариустун (мамлекеттик жана жеке нотариалдык конторада иштеген) укуктук макамынын мазмунун аныктоочу коомдук мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамын укуктук жөнгө салуунун түшүнүгү, өзгөчөлүгү жана мазмуну эсептелинет.

**Изилдөөнүн максаты** бүгүнкү КРдагы нотариаттын абалын изилдөө жана нотариустардын ишмердигинин укуктук негиздерин жакшыртууга багытталган практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууну камтыйт.

Белгиленген максатка жетүү үчүн төмөндөгү **милдеттер** коюулган:

- КРнын укуктук тутумундагы нотариустун укуктук абалынын специфакасын аныктоо;
- чет өлкөлөрдө жана КРда нотариустун укуктук макамынын пайда болушунун тарыхий аспектилерин анализдөө;
- жеке жана мамлекеттик нотариалдык контораларында эмгектенген нотариустардын кош(дуализм) категориясы аркылуу нотариустун укуктук макамынын түшүнүгүн аныктоо;
- жарандык оборотунун катышуусу катары нотариустун укуктук макамынын баштапкы негиздерин жана өзгөчөлүктөрүн ачуу;
- нотариаттын өнүгүү чөйрөсү катары саналган жарандык укуктук мамилелериндеги нотариустун катышуусун изилдөө;
- нотариустун укуктук макамын конституциялык-укуктук жөнгө салынышын изилдөө;
- жарандарга квалификациялык юридикалык жардамды көрсөтүүдө нотариалдык ишмердикти укуктук жөнгө салуу практикасын жалпылап кароо;
- нотариустун укуктук макамын чагылдырган мыйзамдарды жакшыртуу максатында илимий жана практикалык сунуштамаларды

негиздөө жана сунуштоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** бул теманын жалпы теориялык жоболорун эске алуу менен заманбап илимий методдор жалпы, жекече, комплекстик, тутумдук, тарыхий, салыштырма-укуктук, функционалдык ж.б. колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** мыйзам тартибинде каралган ачык жана коммерциялык эмес мүнөздөгү нотариалдык ишмердиктеги жарандардын жага юридикалык жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын түздөн-түз коргоону жүзөгө ашырууда ата-мекендик нотариаттын негизин түзгөн нотариустун укуктук макамын аныктоочу жоболор жана аныктамалар диссертацияда орун алгандыгы менен негизделет.

Жумушта биринчи жолу нотариустун укуктук макамынын аныктамасы бүгүнкү улуттук укуктук тутумунун түзүмүндө анын функцияларын анализдөөнүн негизинде берилет. Укук коргоо жана башка мамлекеттик органдары менен байланышкан нотариалдык ишмердигиндеги субъектердин укуктук макамынын көйгөйлөрүнө өзгөчө көңүл бурулат.

**Диссертациялык изилдөөдө практикалык сунуштардын жана теорялык тыянактардын негизинде коргоого чыгарылуучу негизги жоболор:**

1) Негизделди, нотариат укуктук мамилесинин катышуучулары менен нотариустун өз ара катышуусу жана нотариалдык аракеттерди жүргүзүү тартибин жөнгө салган укуктук норманын тутуму, латын тибиндеги нотариатка жакын КРдагы нотариат институтуна нотариустун баштапкы функцияларына төмөндөгүлөр кошулган: жеке макулдашууларга чыныгы мүнөзүн, өзгөчө далилдөөчү жана аткаруу күчүн берүү, ошондой эле жалпы кызыкчылыктарды коргоо. Нотариалдык ишмердигинин ачык-айкындыгы жалпы мамлекеттин, өзгөчө коомчулуктун, жеке жактардын кызыкчылыгында кепилдендеген мыйзмадуу укуктук милдеттерди камтыйт.

2) Негизделди, бүгүнкү эгемендүү өлкөбүздөгү нотариат XIX-кылымдын 80-жылдардын аягынан 90-жылдардын башында түптөлө баштаган. Биздин мамлекет ал кезде Советтик Союзунун бир бөлүгү болуп турган, бирок өкмөт социалдык, саясий жана каржылык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Мамлекет жеке менчик жана базар экономикасына өтүү менен жарандардын ортосундагы укуктук мамилелер жана жарандык обороттун реформаланышы укуктук мамиленин катышуучуларынын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо боюнча алгылыктуу чаралар талап кылынган. Бүгүнкү күндөгү нотариалдык тутум укук каражаттардын бири болуп саналат, анын негизинде

мамлекет буюмдук жана жеке мүнөзгө ээ болгон жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого кепилдик берет.

3) Күчүндөгү нормативдик актыларды анализдөөнүн негизинде төмөндөгүчө тыянак жасалат: нотариат бүгүнкү күндө нотариалдык ишмердигин жөнгө салууда ачык-айкындуулук белгиси бар; нотариустардын кош(дуализм) категориясындагы окшош нотариалдык иш аракетти жүргүзүү жана тең макамдык; жарандык коом институтуна окшоштугу(башкача айтканда мамлекеттик органдардын тутумуна кирбегендиги); мамлекеттин, коомдун, юридикалык жактардын жана жарандардын кызыкчылыктарын, эркиндиктерин жана укуктарын коргоо боюнча талашсыз сот адилеттиги.

4) Жарандык коомдун эң негизги катышуучу болгон нотариаттын мыйзамдагы нормаларды сактоочу жана аларды бузуудан алдын ала чараларды көрүү касетин колдонуу керек экендигин бүгүнкү базар экономикасындагы мамилелер аны далилдеп турат. Латын тибиндеги өлкөлөрдө нотариус көз карандысыз талаш-тартыштарды чечүү жак болуп талашсыз сот адилет милдеттерин аткарып сотко жана мамлекеттик органдарга жеткирбей көйгөйлөрдү чечүүдө.

5) Негизделди, мамлекеттик жана жеке нотариустарга таандык кош жеке укуктук жана жалпы укуктук жоболорунун маңызы жеке нотариустарга да тийиш, себеби жалпы аспектиде жарандардын жана юридикалык жактардын эркиндиктерин жана укуктарын коргоо боюнча мамлекеттик милдеттерди жүзөгө ашыруу зарылчылдыгында, ал эми жеке аспектиде жеке башкарууга жана уюштурууга таянып мамлекет тарабынан берилген атайын мыйзамда каралган нормалар менен калка квалафикациялык юридикалык жардам берүүдө жатат;

6) Негизделди, нотариустун укуктук макамдын башкы белгилери болуп укук жана милдеттер, нотариат ишмердигин жүргүзүүдөгү жоопкерчилик жана мыйзамда каралган негизги кепилдектер саналат.

7) “Нотариус” түшүнүгүнө төмөндөгүчө так аныктама берүү: “Мамлекеттин атынан жана өз жоопкерчилигинин негизинде ачык-айкын нотариалдык ишмердигин жүргүзүүдө тийиштүү укуктар менен милдеттерди камтыган атайын жогорку квалификацияга ээ болгон жак.

8) “Нотариат жөнүндө” мыйзамга төмөндөгүчө толуктоолорду жана өзөртүүлөдү киргизүү сунуштары каралат:

- нотариустардын профессионалдык этикасы жөнүндө жана аларды бузгандыгы жөнүндө нормаларды киргизүү;

- нотариат ишмердигин жүрзүзүү үчүн жактардын 25-тен 70-жашка чейинки курактын бекитилиши;

9) Нотариат чөйрөсүн жакшыртуу максатында нотариус макамын алууга алектенген жактарга мындан ары талаптарды көбөйтүү зарыл экендиги негизделди. “Нотариат жөнүндө” КРнын мыйзамында жактардын нотариус болууга чектөө коюулгандыгы туралуу кошумча толуктоолор сунушталар:

- реабилитацияга жатпаган негиздер боюнча кылмыш иши токтотулгандыгы боюнча;
- 5-жыл арасында нотариалдык иш аракетин жүргүзүүдө мыйзамды бузгандыгы үчүн жеке нотариалдык ишмердиги менен алек болуу укугуна болгон лицензиянын токтотулушу же чакыртып алынышы;

10) Нотариалдык макамын бекемдөө максатында “Нотариат жөнүндө” КРнын мыйзамдын 30 беренесинде “аткаруу бийлик органдары”” деген сөздөрдөн кийин төмөндөгү мазмунда толуктоо киргизүү керек: “жогорку юридикалык билими бар, юридикалык адистиги боюнча 2-жылдан кем эмес стаж, мамлекеттик жана жеке нотариустарда 6-айлык стажировкадан өтүү”.

Практикалык сунуштардын жалпы багыты бул:

— нотариат институтунун өнүгүүсү менен нотариустардын ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин жана мыйзамдарга ылайык мамлекет тарабынан берилген милдеттерди анык белгилөө;

— мыйзам негизинде нотариалдык ишмердиги менен алек болгон жактардын иш аракетин мамлекеттик көзөмөлдөө механизмдерин бекитүү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы.** Диссертациялык иш Ош мамлекттик юридикалык институтунун конституциялык укук жана муниципалдык укук кафедрасында даярдалып жана талкууланган. Диссертациялык иштин негизги теориялык жоболору жана тыянактары КР УАКтын сунушталган илимий басылмаларда тиешелүү көлөмдө жарык көргөн. Изилдөөнүн негизги жоболору автор тарабынан нотариат ишмердигине байланышкан адамдардын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону укуктук жөнгө салган маселелер боюнча өткөрүлгөн семинарларда, илимий-практикалык конференцияларда баяндалган. Илимий макалалардын критерийлери боюнча баллдардын жалпы саны 217 түздү. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары автордун окутуу иш аракетинде колдонулат.

**Жумуштун түзүмү** теманын мазмуну менен аныкталат. Ал 3-баптан жети бөлүмдөн, киришүүдөн, таянактан, колдонулган адабияттардан турат.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!

**Бакирова Ш.М.:** Рахмат. Изденүүчү өз жумушу менен тааныштырды. Эми жумушту талкулоого өтсөк. Кимде кандай суроолор бар? Сөз ю.и.к., Нарматов Худояр Базарбаевичте

**Нарматов Х.Б.:** Урматтуу изденүүчү сиз өз диссертациялык жумушуңузда кайсы ата-мекендик авторлордун эмгектерин колдондуңуз?

**Оморова Г.С.:** Рахмат суроонузга. Жумушта А.А. Арабаевдин жана Б.Ж.Качыкеевалардын жумуштарын колдондум, ал эми ушул темага жакын Казахстандык А.К. Ахашеванын эмгектерин колдондум. Дагы бир белгилөөчү маселе, биздин өлкөбүздө бул тема боюча бүгүнкү күнгө чейин издөөлөр жүргөн эмес, ошондуктан биздин изилдөөдө көбүнчө чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектерине көбүнчө шилтеме жасалды.

**Бакирова Ш.М.:** Рахмат. Дагы кимде кандай суроо бар? Соз кафедранын доцентти А.Т.Акпаровада.

**Акпарова Т.А.:** Негизинен алып караганда нотариат институт катары биздин коомдо кандай орду бар? Ошол боючна өз пикириңизди айтып бериңизчи?

**Оморова Г.С.:** Суроонузга рахмат. Биздин мамлекетибиздин укуктук тутумунда нотариат институтунун өз орду бар, биринчи кезекте жарандардын жана юридикалык жактардын укуктук кызыкчылыктарын коргоо багытында аларга юридикалык жардам көрсөтүү жана укуктук мамилесиндеги катышуучулардын ортосунда талаш –тартыштарды жоюу, болтурбоо саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61 беренесинде биздин өлкөдө ар бир адамга квалификациялык юридикалык жардам алуу укугу кепилдендирилет.. Нотариат укуктук тутумда албетте көптөгөн жарандардын категорияларына жана юридикалык жактарга укуктук жардам көрсөтүү негизги милдети болуп эсептелет.

**Атамкулова Е.Т.:** Нотариус укук коргоо органдарынын тутумунда кандай милдеттерге ээ?

**Оморова Г.С.:** Илимий чөйрөдө азыркы мезгилде да нотариат ишмердигин талашсыз сот адилеттиги деп таануу ар түрдүү пикирлер болууда. Мындай нотариалдык ишмердигинин түшүндүрүлүшү биздин эле өлкө эмес башка коңшулаш мамлекеттерге да мүнөздүү. Укуктук коргоону камсыз кылган нотариус, күтүлүп жаткан пикир-келишпестикти жана талаш-тартыштарды алдын-ала болтурбоо негизинен аны сот адилеттигинин жардамчысы десек болот.

**Бакирова Ш.М.:** Дагы кимде кандай суроо бар? Сөз ю.и.к., М.А.Кармышаковдо.

**Кармышаков М.А.**: Өз жумушуңуздун негизги максаттарын жана милдеттерин айтып бериңизчи?

**Оморова Г.С.**: Рахмат, Изилдөөнүн максаты бүгүнкү КРдагы нотариаттын абалын изилдөө жана нотариустардын ишмердигинин укуктук негиздерин жакшыртууга багытталган практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууну камтыйт.

Белгиленген максатка жетүү үчүн төмөндөгү милдеттер коюулган:

- КРнын укуктук тутумундагы нотариустун укуктук абалынын специфакасын аныктоо;
- чет өлкөлөрдө жана КРда нотариустун укуктук макамынын пайда болушунун тарыхий аспектилерин анализдөө;
- жеке жана мамлекеттик нотариалдык конторaларында эмгектенген нотариустардын кош(дуализм) категориясы аркылуу нотариустун укуктук макамынын түшүнүгүн аныктоо;
- жарандык оборотунун катышуусу катары нотариустун укуктук макамынын баштапкы негиздерин жана өзгөчөлүктөрүн ачуу;
- нотариаттын өнүгүү чөйрөсү катары саналган жарандык укуктук мамилелериндеги нотариустун катышуусун изилдөө;
- нотариустун укуктук макамын конституциялык-укуктук жөнгө салынышын изилдөө;
- жарандарга квалификациялык юридикалык жардамды көрсөтүүдө нотариалдык ишмердикти укуктук жөнгө салуу практикасын жалпылап кароо;
- нотариустун укуктук макамын чагылдырган мыйзамдарды жакшыртуу максатында илимий жана практикалык сунуштамаларды негиздөө жана сунуштоо.

**Абдипаттаев Т.:** диссертациялык изилдөөнүздүн илимий жаңылыгы эмнеде? рахмат

**Оморова Г.С.:** Суроонузга рахмат, диссертациялык изилдөөбүздүн илимий жаңылыгы мыйзам тартибинде каралган ачык жана коммерциялык эмес мүнөздөгү нотариалдык ишмердиктеги жарандардын жага юридикалык жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын түздөн-түз коргоону жүзөгө ашырууда ата-мекендик нотариаттын негизин түзгөн нотариустун укуктук макамын аныктоочу жоболор жана аныктамалар диссертацияда орун алгандыгы менен негизделет. Жумушта биринчи жолу нотариустун укуктук макамынын аныктамасы бүгүнкү улуттук укуктук тутумунун түзүмүндө анын функцияларын анализдөөнүн негизинде берилет. Укук коргоо жана башка мамлекеттик органдары менен байланышкан нотариалдык

ишмердигиндеги субъектердин укуктук макамынын көйгөйлөрүнө өзгөчө көңүл бурулат.

**Бакирова Ш.М.:** дагы кимде кандай суроолор бар? Сөз ю.и.д., профессор Г.К.Кулдышевада.

**Кулдышева Г.К.:** Саламатсызбы урматтуу изденүүчү. Сиздин жумушуңуз менен таанышып чыктым жана ошол себебтен бир суроо менен кайрылгым келип турат сизге, ал төмөндөгүчө. Нотариат институтун өзүнчө бир тармак катары карасак болобу жана мамлекеттин институттарына байланышы барбы?

**Оморова Г.С.:** Нотариат укугунун укуктун өзүнчө тармагы катары болушуна укуктук нормаларында анын милдеттерин жана маселесин аныктоо талап кылынат. Ага укук колдонуу практикасы жана мыйзамдагы нотариат ишмердигин уюштуруунун конституциялык негиздерин жүзөгө ашыруу, нотариалдык укук мамилесинин субъектеринин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыздоо, мыйзамдуулук менен аныкталаган нотариалдык милдеттерин укуктук жөнгө салынышынын жүзөгө ашырылышы, нотариалдык иш аракетин жакшыртуу, коңшулар өлкөлөр менен нотариатты укуктук жөнгө салууда тажрыйба менен алмашуу.

Нотариаттын укук коргоо жана башка мамлекеттик органдары менен өз ара байланышы баардык мамлекеттик бийлик бутактары аркулуу жөнгө салынат: мыйзам чыгаруу бийлигине нотариустун укуктук макамдын аныктамасы жана ыйгарым укуктары туура келет; аткаруу бийлигине нотариаттын иштеши жана анын уюштурулушу; сот бийлигине нотариат ишмердигин көзөмөлдөө кирет. Нотариат мамлекеттик башкаруунун тутумунун бир бөлүкчөсү болуп саналып, мамлекеттик орган катары аталбайт. Бул жерде башкача айтканда нотариат мамлекет тарабынан ыйгарылган юридикалык жактардын жана жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча милдеттерди жүзөгө ашырат, жалпылап айтканда укук коргоо милдетин аткарат. Нотариуска нотариалдык иш аракетин жүргүзүү үчүн кайрылган тараптын аракети жеке укуктук эмес жалпы укуктук негизди камтыйт. Укук коргоо органдарынын тутмуна кирип жатып өз алдынча милдеттерин аткарган нотариат ушул эле тутумда өз алдынча орунду ээлеп жогоруда аталган мамлекттик органдардын бир да тутумуна кирбейт.

**Матисакова З.У.:** Урматтуу изденүүчү, сиздин жумушуңуз менен таанышып чыктым, ал жакшы жазылган. Мен сизден билгим келет изилдөөнүздүн практикалык мааниси эмнеде жана анын натыйжалары каерде колдонулат ?

**Оморова Г.С.:** Сурооңузга рахмат. Жумуштун практикалык мааниси изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар жана практика мааниге ээ болгон сунуштар нотариустардын күнүмдүк ишарекетинде жана КРнын нотариалдык палатасынын жумушунда колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык жумуштан алынган практика маанидеги кээ бир сунуштар ошондой эле нотариат институту менен байланышы бар мамлекеттин укук коргоо органдарынын иш аракетинде колдонулушу мүмкүн, мисалыга сотто, адилет органында, жарандардын кыймылсыз мүлккө болгон укуктарын мамлекттик каттоо органында. Жумуштагы кээ бирки жоболор нотариат, конституциялык укук жана жарандык укук окулуучу курстарында колдонулушу мүмкүн.

**Бакирова Ш.М.:** дагы кимде кандай суроолор бар? Суроо берүү үчүн сөз ю.и.к., доцент Н.Ш.Колсариевада.

**Колсариева Н.Ш.:** Менде төмөндөгүчө суроом бар. Сиздин изилдөөнүз илимий макалаларда жарык көргөнбү жана РИНЦте катталган басылмалардан чыкканбы?

**Оморова Г.С.:** Оба, диссертациялык иштин негизги теориялык жоболору жана тыянактары КР УАКтын сунушталган илимий басылмаларда тиешелүү көлөмдө жарык көргөн. Изилдөөнүн негизги жоболору автор тарабынан нотариат ишмердигине байланышкан адамдардын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону укуктук жөнгө салган маселелер боюнча өткөрүлгөн семинарларда, илимий-практикалык конференцияларда баяндалган. Илимий макалалардын критерийлери боюнча баллдардын жалпы саны 217 түздү.

**Бакирова Ш.М.:** дагы кимде кандай суроолор бар? Суроо берүү үчүн сөз ОшМЮИнин окуу иштери боюнча проректору ю.и.к., доцент Мамасалы Сарыбашевичте.

**Арстанбеков М.С.:** Сиздин жумушуцуз боюнча бизде айрыкча нотариустарда бүгүнкү күндө кандай көйгөйлөр бар? Ошолор боючна бир кыскача маалымат берип койсоңуз?

**Оморова Г.С.:** Рахмат сурооңузга агай! Нотариат жарандардын укуктарын жана мыйзам менен корголгон кызыкчыларын соттук эмес коргоонун формасы катары Европа парламентинин Резолюциясына ылайык талашсыз сот адилеттүүлүгү институту болуп эсептелинет. Эл аралык соттор бирикмесинин Конгресстин документтерине ылайык биринчилерден болуп нотариаттын милдети юридикалык актыларды күбөлөндүрүү, тараптарга укуктук натыйжаларды толук-кандуу маалымдоо жана жарандык-укуктук талаш-тартыштарды болтурбоо. Бүгүнкү күндөгү нотариат жогорудагы аталган критерийлерге туура келбей, ишмедиги укуктук жактан толук каралбай, субъективдик укуктарды эффективдүү жана толук коргоону жүзөгө ашыруу үчүн ылайыктуу ыйгарым укутарынын жетишсиздиги байкалат. Бул маселелер укук коргоо ишмердигин жүзөгө ашыруучу институт катары

укукту коргоону камсыз калган органдардын тутумундагы нотариаттын орду жана ролу биздин көңүлүбүздү бурат.

Бир гана нотариус, соттук, материалдык, уюштуруучулук кепилдиктери менен камсыздалган ага берилген мыйзамдуу укуктардын негизинде жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча жалпы ишмердигин туура нукта жүзөгө ашыруу, өз милдетин аткарууда жоопкерчилик алуу, толук нотариалдык коргоону жогору балоодо жакшы коомдук пикирди түзө алат.

**Кокоева А.:** – Диссертациялык жумушуңуздун түзүмүн айтып берсеңиз?

**Оморова Г.С.**: Рахмат, жумуштун түзүмү теманын мазмуну менен аныкталат. Ал 3-баптан жети бөлүмдөн, киришүүдөн, таянактан, колдонулган адабияттардан турат. Жалпы көлөмү 157 бетти туздү.

**Бакирова Ш.М.:** Дагы кандай суроолоруңар бар? Суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо анда изденүүчүнүн жетекчисине юридика илимдеринин доктору, профессор Арабаев Автандил Анисовичке сөз берсек.

**Арабаев А.А.**: Саламатсыздабы урматту бүгүнкү жыйындын катышуучулары, коллегалар! Негизинде алып караганда каралып жаткан бул диссертациялык жумуштагы тема актуалдуу жана анын изилдениши шек жаратпайт. Бул тема боюнча бир да кандидаттык изилдөөлөр биздин өлкөбүздө бриничилерден болуп изилденишине мен абдан кубанам. Жумуштун түзүмү тиешелүү талаптарга жооп берет жана жогорку денгээлде жазылган. Мазмуну боюнча айта турган болсом, 1 бапта изденүүчү теманын тарыхый негиздерин жана теориялык негиздемесине жакшы басым жасалган. Изилдөөнүн объектиси болуп нотариустун (мамлекеттик жана жеке нотариалдык конторада иштеген) укуктук макамынын мазмунун аныктоочу коомдук мамилелер саналат. Изилдөөнүн предмети болуп азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамын укуктук жөнгө салуунун түшүнүгү, өзгөчөлүгү жана мазмуну эсептелинет. Изилдөөнүн ишенимдүү натыйжаларын алуу үчүн автор төмөнкүдөй методдорду колдонгон: Тарыхый-укуктук метод укук коргоо орган катары калыптанышында нотариустардын ролун аныктоодо колдонулган. Изилдөөдөгү методдор ошондой эле нотариустардын укуктук макамынын маңызы жана мазмуну жөнүндө ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын көз караштарын изилдөө жана жалпылоо үчүн колдонулган. Формалдуу логикалык метод авторго укуктук макамдын предмети катары талкууга алынган маселелерди ишке ашыруу механизминдеги нотариустун укуктарын,милдеттерин жана жоопкерчилиги

тууралуу талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берди. Салыштырмалуу укуктук методду колдонуп, автор нотариатты уюштуруу тартибин жөнгө салуучу ата мекендик жана башка өлкөлөрдүн мыйзамдарындагы ченемдерине талдоо жүргүзгөн. Жалпылап айтканда изденүүчү чоң көлөмдө нотариустун укуктук макамын изилдеген алдынкы илимпоздордун эмгектерин карап чыгып, изилдөөсүн жүргүзгөн. Жалпысынан, иш аягына чыккан, кандидаттык днссертацияларга коюлуучу бардык талаптарга жооп берет жана ачык коргоо сунушумду колдоп берүнүздөрдү сиздерди чакырып кетет элем. Рахмат.

**Бакирова Ш.М.:** Рахмат, эмки сөздү рецензент ю.и.к., доцент Р.У.Мамазакировго берилет.

**Мамазакиров Р.У.:** – Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер бүгүн биз изденүүчү Г.С.Оморованын 12.00.02-конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» атуу диссертациялык изилдөө темасын уктук. Диссертациялык иш менен таанышып чыккандан кийин, мен айрым учурда иштин кээ бирки моментерге токтоп белгилей кетсем. Диссертациялык изилдөөнүн темасы бүгүнкү күндө өтө актуалдуу болуп эсептелет жана ал мындан кийин тереңдетилген изилдөөнү талап кылат. Иш так аткарылган, сабаттуу аткарылган, алдыга коюлган максаттагы маселелерди чечүүнүн ырааттуулугу бар экенин белгилеп кетиш керек, бирок сунуш берүүчү мүнөздөгү планда диссертация келечекте иштөөдөгү төмөнкү өзгөрүүлөрдү, толуктоолорду жана кемчиликтерди эске алууну сунуштайм. Диссертациялык изилдөөнүн теориялык негизинде мүмкүн болсо ушул темага жакын кыргызстандык окумуштууларды көбүрөк кошуп жазылса жакшы болмок, коргоого чыгарылуучу негизги жоболордогу 10-жободон кийин практикалык сунуштардын жалпы багытын иштин практикалык сунуштамасына кошуу керек, иштин тарыхий аспектисин изилдөөдө Кыргызстанда нотариаттын өнүгүү жолуна көбүрөөк көнүл бурулса жакшы болмок жана иштин 2-бапта теманын негизин түзгөн нотариустун укуктук макамын кароодо чет өлкөдөгү практиканы болушунча мисал катары же салыштырма иретинде көбүрөөк чагылдырылса иштин негизги маселеси жакшыраак ачылып изилдөө мындан да кызык болобу деген пикир. Автор тарабанын Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы жакшы изилденген жана анда колдонулган методологиянын жардамы менен иштеги максаттарга жетишип иш толугу менен изилденип аягына чыккан. Мен айткан кемчиликтердин негизинде жакшы жоболорду да атсак болот жана мыйзамдагы кее бир терс жагдайларды да белгилесек болот, себеби ар бир

эреженин жана мыйзам актынын коомдо жана мамлекеттик органдарда кандай шартта колдонулуп жатканы бизге баарыбызга белгилүү. Жалпысынан алганда, диссертацияда коюлган максаттын маанисин чагылдырат жана бул ата-мекендик юридикалык илимди өнүктүрүүгө багытталган. Мен жогорудагы айтылган аспектилерди толугу менен колдойм жана ошол эле убакта сиздерди изденүүчүгө колдоо көрсөтүүгө чакырам.

**Бакирова Ш.М.:** Рецензент болуп катышып бергениңиз үчүн сизге рахмат. Анда изденүүчүнү рецензенттин сын-пикирлерине жооп кылганы чагыралы.

**Оморова Г.С.:** Рахмат Рустам Умарович! Сиз айткан сын-пикирлериңизге толугу менен кошулам жана өзүмдүн изилдөөмдө сиз айткан кемчилдиктерди жоюуга аракет жасайм.

**Бакирова Ш.М.:** Сөз ю.и.д., профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевнага берилет.

**Кулдышева Г.К.:** «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» бул теманын актуалдуу экени бүгүнкү талкуудан байкасак болот. Себеби ар бир катыщуучу четте калбастан өз ой-пикирлерин, сунуштарын жана суроолорун беришти.

Менин оюмча, бул Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын илимий иши «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» деген темадагы жазылган диссертациясын коргоого сунушка татыктуу.

**Бакирова Ш.М.:** Баарыңарга чон рахмат. Жыйынга катышкандар тарабынан айтылган сын-пикирлер сунуш мүнөзүнө ээ, ал илимий иштин жалпы баасына практикалык манисине таасир этпейт. Жогорудагы айтылган сын- прикирлерди эске алуу менен аны коргоого сунуштасак болот. Добуш берүүнүздөрдү суранам. Ким “макул”, берүүнүздөрдү суранам.

Добуш беруунун жыйынтыгы:

“ Макул” - талкууга катышкандардын бардыгы.

“ Карты”- жок.

“ Калыс” - жок .

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Г.С.Оморованын диссертациясын короого “ макул” болгондор.

Диссертациялык изилдөөдөгү сунушталган жоболор, тыянактар нотариат чөйрөсүндө изилдөөлөрдө, окуу процессинде, атайын курстарда жана нотариат институту менен байланышы бар мамлекеттин укук коргоо органдарынын иш аракетинде колдонулушу мүмкүн.

Ош мамлекеттик юридикалык институтунун “Конституциялык укук жана муниципалдык укук” кафедрасынын корутундусу:

1. **Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Г.С.Оморованын диссертациялык изилдөөсү аягына чыккан эмгек катары тандалып алынган теманын актуалдуулугун жетишээрлик деңгээлде ачып берген.

Бүгүнкү күндө нотариустун укуктук макамы нотариалдык ишмердигин ишке ашыруу жана уюштурууда коомдук мамилелердин жөнгө салынышы иштеп жаткан мыйзамдын талаптарына туура келгени илимий чөйрөдө талкууга ээ экендиги талашсыз. Ошондой эле анын нотариалдык ишмердигинде кеңири колдонулушу ишмердик жана жарандык оборотунда жарандардын укуктарын коргоого жакшы өбөлгө түзөт. Ал эми теориялык негизде аны талкулоодо нотариалдык ишмердигинде нотариустун укуктук макамын туура талдоо көйгөйлөрүн айтсак болот. Бул көйгөйлөр мыйзамда так каралбагандыгы менен да белгилесек болот, себеби мыйзамдагы иш аракеттер толугу менен белгиленген тартипте жүргүзүлбөсө же жетишсиз болсо нотариат институттунун өнүгүүсү начарлайт.

Мамлекеттик жана жеке нотариустардын ыйгарым укуктарынын жана башка жарандык юрисдикциясынын катышуучулардын ыйгарым укуктары менен чектөөсүнүн көйгөйлөрү илимий чөйрөдө талаш пикир жаратып укук колдонуу ишмердигинде бир топ кыйынчылыктарды пайда кылган жана соотук жана нотариалдык ишмердигин жөнгө салган маселелер боюнча алектенген белгилүү чет элдик окумуштуулардын басылмаларында жарык көргөн.

Ушудан улам КРнын нотариустун укуктук макамынын мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн камтыган жоболорду иштеп чыгуу, улуттук мыйзамдын жана нотариаттын өнүгүүсүнө шарт түзүлөт.

**2. Изилдөөнүн жыйынтыктарын алууда автордун жеке катышы жана изилдөөнүн илнмий жаңылыгы.**

Диссертациялык изилдөө өз алдынча аткарылган илимий иш катары бааланып, анын натыйжалары Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамын изилдөөдөн келип чыккан. Алынып чыккан жоболор илимий изилдөөнүн жаңылыгын жана практикалык маанисин түзүп, нотариустун укуктук макамын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүүгө, жакшыртууга багытталган.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы мыйзам тартибинде каралган ачык жана коммерциялык эмес мүнөздөгү нотариалдык

ишмердиктеги жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын түздөн-түз коргоону жүзөгө ашырууда ата-мекендик нотариаттын негизин түзгөн нотариустун укуктук макамын аныктоочу жоболор жана аныктамалар диссертацияда орун алгандыгы менен негизделет.

**3. Диссертацияда формулировка болгон сунуш тыянактардын, илимий жоболордун негизделген даражасы**.

Диссертациялык изилдөө аягына чыккан илимий изилдөө эмгеги болуп саналат.

Изилдөөнүн объектиси нотариустун (мамлекеттик жана жеке нотариалдык конторада иштеген) укуктук макамынын мазмунун аныктоочу коомдук мамилелер саналат.

Изилдөөнүн предмети болуп азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамын укуктук жөнгө салуунун түшүнүгү, өзгөчөлүгү жана мазмуну эсептелинет.

Автор тарабынан төмөндөгү сунуш, тыянактар негизделген: Жарандык оборотунун катышуусу катары нотариустун укуктук макамынын баштапкы негиздерин жана өзгөчөлүктөрүн ачылды. Нотариаттын өнүгүү чөйрөсү катары саналган жарандык укуктук мамилелериндеги нотариустун катышуусун изилденди; Нотариустун укуктук макамын конституциялык-укуктук жөнгө салынышын изилденди; Жарандарга квалификациялык юридикалык жардамды көрсөтүүдө нотариалдык ишмердикти укуктук жөнгө салуу практикасы каралды. Нотариустун укуктук макамын чагылдырган мыйзамдарды жакшыртуу максатында илимий жана практикалык сунуштамалар иштеп чыгылды.

**4. Жумуштун практикалык мааниси** изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар жана практика мааниге ээ болгон сунуштар нотариустардын күнүмдүк ишаракетинде жана КРнын нотариалдык палатасынын жумушунда колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык жумуштан алынган практика маанидеги кээ бир сунуштар ошондой эле нотариат институту менен байланышы бар мамлекеттин укук коргоо органдарынын иш аракетинде колдонулушу мүмкүн, мисалыга сотто, адилет органында, жарандардын кыймылсыз мүлккө болгон укуктарын мамлекттик каттоо органында.

Жумуштагы кээ бирки жоболор нотариат, конституциялык укук жана жарандык укук окулуучу курстарында колдонулушу мүмкүн.

Ош мамлекеттик юридикалык институтунун “Конституциялык укук жана муниципалдык укук” кафедрасы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «Конституциялык укук жана муниципалдык укук» кафедрасынын Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» деген темадагы юридикалык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкулоо боюнча отуруму бекитилсин.
2. Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» деген темадагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жогоруда айтылган сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунушталсын.

Добуш беруунун жыйынтыгы:
“ Макул” - бир добуштан.
“Каршы” - жок.
“Калыс” - жок .

**Отурумдун төрайымы:** Бакирова Ш.М.

**Отурумдун катчысы:** Кадырова С.

Кафедра башчысынын ю.и.к., доцент Н.Ш.Бакированын жана
С.Кадырованын кол тамгасын тастыктаймын :